КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**04-декабрь 2025-жыл № 6** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу болгон токойлордогу жаңгактардын арендага берүүдө аренда акысын бекитүү жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 04.12.2025-жылдагы № 10-6/819 сандуу катындагы Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу болгон токой жаңгактарын арендага берүүдө, ар бир түп жаңгактын аренда акысын жогорулатуу максатында, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына, ошондой эле муниципалдык менчикти башкаруу боюнча эрежелерге таянып, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектеги XV-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу болгон токойлордогу жаңгактардын ар бир түбүнө аренда акысы катары 50 (элүү) сом өлчөмү бекитилсин.

2. Аренда баасын жогорулатуу инфиляциянын өсүшүн жана тейлөө чыгымдарынын көбөйүшүн эске алуу менен белгиленсин.

3. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко милдеттендирилсин.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.О.Оморов**